# Т Е М А: САБАКТАН ЖЕТИШПЕГЕН ОКУУЧУЛАР МЕНЕН ИШТӨӨДӨГҮ СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН РОЛУ

Негизги түшүнүктөр: билим,тарбия, жетишпеген окуучулар, орто окуган,жакшы,эң жакшы,ар бир класс,мектеп администрациясы,социалдык, ден-соолук, педагогикалык факторлор.

Ресурстар: Флипчарт, маркерлер, проектор,таратылуучу материал ж.б.

Максат: Сабактан жетишпеган окуучулар менен иштөөдөгү социалдык педагогдун ролун аныкташат.

Милдеттер:

1.Социалдык педагогдор сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөөдөгү практикасына салыштырма талдоо жүргүзө алышат.

2.Социалдык факторлордун өзгөчөлүктөрүн аныктай алышат.

Күтүлүүчү натыйжа:

• сабактан жетишпеген  окуучулар менен иштөөдөгү педагогдун  ролун  баяндап бере алышат;

• сабактан жетишпеген окуучулар менен  иштөөдөгү практикалары менен салыштырышат;

• социалдык педагогдун–социалдык,ден–соолук, педагогикалык факторлору тууралуу толук маалыматка ээ болушу керектигин аныкташып,  өз  практикаларында колдонушат.

Теманын мазмуну:

| | Теманын мазмуну | Колдонулуучу методдор | Баалоонун техникалары |
|---|---|---|---|
| | 1.Теманын максаттары жана милдеттери менен тааныштыруу | | |
| | 2.Киришүү | Мини-лекция | |
| | 3.Социалдык,ден-соолук,педагогикалык факторлор | Мээге чабуул.Жекече,жупта,топто иштөө | Презентация |
| | 4.Сабактан жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу | Жекече,жупта, топто иштөө | Презентация |
| | 5.Жыйынтыктоо | Кайтарым байланыш | А0ңгемелешүү |

Киришүү:

Мектепте билим,тарбия алып жаткан окуучуларды программалык талаптарды өздөштүрүүсүнө карай үч топко бөлүүгө болот:

жетишпеген окуучулар

орто окуучулар

жакшы,эжетишпеген окуучулар

орто окуучулар

жакшы,эң жакшы окуган окуучулар

Жетишпеген окуучулар менен социалдык педагог кандай иштерди алып баруу керектигине токтололу.Педагогикалык кеңешмелерде класс жетекчилер чейрек сайын жана жылдын жыйынтыгы боюнча отчёт даярдашат жана беришет.

Ар бир класстан 1–2ден баштап 10–12ге чейин “3”, “төрт”деген бааларга окушса,айрым класстарда кээ бир сабактардан “2”деген баага окуган окуучулар да бар.Мугалимдер муну болуп келген жана боло берүүчү процесс катары жакшы түшүнүшөт.Ошентсе да,мектеп администрациясы “үч”көп класстардын класс жетекчилерин тескөөгө алып сурайт.Класс жетекчи бул окуучулардын1–2 сабактан гана үч алып калгандыктарын,кийинки чейректе  жылыш болорун, өзү анын үстүндө иштей тургандыгын айтышат.Айрым гана мугалимдер “үчкө”окуган себептерине кичине токтолгон болушат.Калагандары ушул класстын тартибине, класс жетекчисине күнөөнү оодара салышат.Демек, окуучулардын жетишпестиги алардын сабакка даярдыксыз келгендиктеринен көрүшөт.

Ал эми сабак берген мугалимдер: окубаса эмне кылайын, сөзсүз эле “төрт” коюшум керекпи? Билбесе “үчкө” ыраазы болсун!-деп теригип кетишкен  учурлар көп эле кездешет.Маселе “үчкө” окуган окуучулардын санында эмес, анын себептерин аныктап айтып берүүдө экендигин мугалим түшүнүш керек эле. Иштин баары мына ушунда.

Дагы бир класс жетекчи педкеңеште отчёт берип жатат: Менин классымда 27 окуучу окуйт. Дээрлик жетишем десем болот.Бирок,эки окуучум менин сабагыман да эч нерсени билбейт, окуганын айтып бере албайт, же окубайбы, билбейм. Ата-энесин чакырсам келбейт эмне кылышымды билбей жатам.-деди өкүнүп.Бөлмө тыптынч, эч ким үн катпады, же суроо бербеди.Демек,открган мугалимдер да, администрация да бул суроого даяр эмес экен.

Биринчи мугалим да, экинчи мугалим да ачуу чындыкты айта алышпады.Бирок, биринчи класс жетекчи эптеп эле “үчкө” окуган окуучу жөнүндө айтып, ошол “үчкө”ыраазы болсун-деп бүтүм чыгарды.Бул жерден класс жетекчи социалдык педагог менен иштешпегени көрүнүп турат.

Мына ошол себептен, социалдык педагог ар бир класстын жетишпеген окуучулары жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтарга  ээ болуулары зарыл:

социалдык фактор;

ден-соолук фактору;

педагогикалк фактор;

Социалдык фактор:
• окуучунун ата-энеси чет мамлекетте жүрүп, жакын тууганарынын колунда тарбияланып жатышы же жетим, тоголок жетим болушу мүмкүн;
• атасы таштап кетиши мүмкүн;
турмуш шарты оор болгондуктан, кийим кечеси бүтүн болбошу мүмкүн;
• мектеп атамандарынын курчоосунда болушу мүмкүн;
• ата-энеси жоктугунан инилерин багуу үчүн жалданып иштеп жүрүшү мүмкүн;
• сабакка тамактанбай келиши мүмкүн ж.б.

Ден-соолук фактору:

- ден-соолугу начар болушу мүмкүн;
- дене түзүлүшүндө кемчилиги болушу мүмкүн(кулагы нача уккан, көзү начар көргөн, көзү кыйшык, чулдур, кекеч, аксак, кыйшык, бүкүр ж.б.);
- психологиялык жактан чарчаган;
- кабыл алуусу начар;
- сүйлөө речи өнүкпөгөн.

Педагогикалык факторлор:

- мугалимдин жүруш–турушу,сүйлөө речи жакпайт;
- мугалимдин какшыгы, кекетип сүйлөгөнү;
- бардык окуучуларга бирдей мамиле жасабаганы;
- билимди туура баалабаганы;
- уруучулдугу;
- өзүмчүлүк касиети;
- шылдыңдаганы, кемсинткени;
- жоопкерчилигинин жоктугу.

Социалдык педагог мына ушул маалыматтарды классгагы жетишпеген

Социалдык педагог мына ушул маалыматтарды классстагы жетишпеген
окуучуларга таандык кылып, жетишпей калган окуучулардын себептери катары аныктап берүүгө милдеттүү.

Мындай болгон учурда,класс жетекчи окуучунун жетишпей калган себептерин окуучунун өзунөн гана издебей жогорудагы үч фактордон издеши зарыл.

Башка предметтик мугалимдерге да чоң сабак болмок да өз сунуштарын ортого салып жетишпей калуунун себептерин жоюунун орток пикирине ээ болмок.

Социалдык педагогдун негизги милдети ар түрдүү анкеталарды толтуруп коюп эле  отура берүү эмес.Анкеталардын жоопторуна ылайык класстык жана мектептик  жыйынтык чыгарып, аны мектеп дирекциясына сунуштоого милдеттүү.

. Мектеп директору, орун басарлары, мугалимдин, социалдык педагогдун маалыматына таянып, мектептин жылдык, айлык, пландарын, усулдук кеңештин пландарын, тарбиялык пландарын түзүүдө пайдаланышат. Эгер социалдык педагог жетишпеген окуучулардын жогоруда биз сөз кылган үч фактордун кайсыларынан жабыркап жаткандыгы жөнүндө толук маалымат берсе, класс жетекчи, мугалим ал сунуштун үстүндө иштемек.

Эгер ден-соолугу боюнча кыйналып жүрсө,анда медицина-педагогикалык комиссияга жиберүүгө неге болбосун. Мындай факторлорду билбей туруп, окуучуну начар окуйт деп, же мугалимди окута албайт деп тыянак чыгаруу жарабайт.Айрыкча,азыркы мугалимдер окуучулардын30-40 пайызы ата-энесиз, ар кимдин колунда тарбияланып жатканын билбейт.Демек, социалдык факторго өзгөчө көңүл бөлүү керек. Жетишпеген окуучулардын пайда болушуна педагогикалык факторлордун да ролу зор.

Кээ бир мугалимдер сабакка өтө эле куралданып кирет, дагы” тартип бузсаң атаңы чакырам”,” директорго алып кирем”, “ окуудан чыгарам”, “эки коём “,”сен баары бир билбейсиң”,” сенден эч нерсе чыкпайт”,”сенин атаң ушундай эле”, “сенден эч нерсе күтүүгө болбойт”,деген сыяктуу сөздөр менен жектеп турган мугалимдер жок эмес.Мугалимден мындай сөздү уккан окуучунун башына алтын куйсаң да окубайт.

Социалдык педагог иштеп турганда анын маалыматын пайдаланбаган ар кандай план, аркандай токтом,ар кандай өзара кызматташтыктын күчү болбойт.Социалдык педагогдун изилдөөлөрү мугалимге да, жетекчиге да, окуучуга да орток кызмат кылат. Андыктан социалдык педагог аткарган иштери, алардын натыйжалары тууралуу мектептин педкеңешинде жылына эки жолудан кем эмес отчёт берип туруусу абзел.

# Жыйынтыктоо

Социалдык педагогдун кызматтык милдеттеринин  биринчи беренесинде; “Жалпы билим берүү уюмундагы социалдык педагог,баланын жашоо тиричилигиндеги орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн,мектептин,коомдук  чөйрөнүн, социалдык кызматтардын,ведомстволордун, укук коргоочу жана административдик органдардын ортосунда арачы болот да анын кызыкчылыктарын жактайт”-деп жазылган.

Социалдык педагог изилдөөнү туура жүргүзүп, ар бир класстагы жетишпеген окуучулардын  диагнозун туура коюп бере алса, анда предметтик мугалимдер үчүн өзүнүн ишин пландаштырууда жакшы ийгиликтерди алып келет.

Социалдык педагог өзүнүн окуучулар арасында жүргүзгөн изилдөөлөрүнө таянып, окуучулардын төмөнкү сапаттардын кайсы бирлерине класс жетекчисинин көңүл бурушун сыпаттап бере алат.Бирок адис эмес социалдык педагог кызматтык милдеттерине өздөрү жакшы түшүнбөй жатса, ушундай талап коюу туурабы?,- деген жүйөлүү суроо туулушу мүмкүн.

Ошондуктан, социалдык педагог социалдык педагогдун ишин мыкты өздөштүргөн адис болууга тийиш.

Суроолор:

1.Сабактан жетишпеген окуучулар менен социалдык педагог кандай иш алып барат?

2.Өзүңөрдүн иш-тажрыйбаңардан мисалдарды келтиргиле?

3.Социалдык, ден-соолук, педагогикалык факторлорду чечмелеп, иш-тажрыйбаңдан айтып бер?

4. Ишти алдыга жылдырууда дагы кандай кадамдарды жасаса болот?

5. Кесипкөй социалдык педагог деп кимди айта аласыз?

## Адабияттар:

1.Одаренные дети.–М.:199
2.Сухомлинский В.А. Овоспитании.–М.:1990
3.ЗюбинЛ.М.Учебно воспитательная работа с трудными учащимся: Метод.пособия.–М.:1982
4. Лиханов А.А.Дети без родителей: Книга для учителя.–М.:1989